**Кыргыз тили жана адабияты предметинен ачык сабактын**

**Протоколу**

**Ош эл аралык медициналык университети**

**Табигый-гуманитардык дисциплиналар кафедрасы**

**Окутуучу: Осмонова К. Ж.** **08:00, 17.10.2025**

**Сабактын темасы: Лексикалык тема: Менин кесибим.**

**Грамматикалык тема: Сөз жасоочу мүчөлөр.**

Сабакка катышкан окутуучулар: ф.и.к.доцент Алиева.Ч.М,окутуучу,

Ботобекова Н,окутуучу.

Ачык сабак ЛД6-1-25 тайпасына 1-парада өтүлдү.

Катышкан студенттердин саны: 7.

1 студент катышкан жок.

**Сабактын жүрүшү:**

**I. Уюштуруу (5 мүнөт):**

- Студенттер менен учурашуу.
- Сабактын темасын жана максатын айтуу.
- Сабактын жүрүшү менен тааныштыруу.

Өтүлгөн темалар боюнча кайталоо жана үй тапшырмаларын текшерүү (10 мүнөт)

**II. Сабакка кызыктыруу (мотивация) – 10 мүнөт**

**Метод:** Суроо-жооп, ой жүгүртүү

**Суроолор:**

- “Ким эмнени кесип кылгысы келет?”
- “Кесип тандоодо эмнеге көңүл бурасыңар?”
- “Кайсы кесиптер коом үчүн өтө маанилүү деп ойлойсуңар?”

Доскага “Кесип” деген сөз жазылып, анын айланасына студенттер ойлору менен кесиптерди жазышат (кластер түзүү).

**III. Жаңы теманы түшүндүрүү – (45мүнөт)**

**Мазмуну:**

**"Кесип" деген эмне?**

"Кесип — бул адам өз эрки менен тандаган, атайын билимди, жөндөмдү жана тажрыйбаны талап кылган иш. Кесип аркылуу адам коомго кызмат кылып, ошол эле учурда жашоосу үчүн киреше табат."

**Кесиптин негизги өзгөчөлүктөрү:**

1. **Билимди талап кылат** – Ар бир кесипти өздөштүрүү үчүн билим алуу керек (мисалы, мугалим болуу үчүн университетте окуу).
2. **Жөндөмдү талап кылат** – Ар ким эле бардык кесипке жарабайт; адамдын шыгы жана жөндөмү болуусу маанилүү.
3. **Тажрыйба чогултуу керек** – Убакыт өтүп, иштеп, практика аркылуу адам кесипкөй болуп өсөт.
4. **Коомго пайдалуу болот** – Ар бир кесип коом үчүн маанилүү (дарыгерлер элди дарылайт, мугалимдер билим берет, фермерлер тамак-аш өндүрөт ж.б.).

**Кесиптердин түрлөрү:**

Кесиптин түрлөрү өтө көп, аларды ар кандай тармактарга бөлсө болот:

**1. Билим берүү тармагы:**

- Мугалим
- Профессор
- Тарбиячы

**2. Медицина тармагы:**

- Дарыгер
- Медайым
- Тиш доктур

**3. Техника жана курулуш:**

- Куруучу
- Электрик
- Инженер

**4. Маданият жана искусство:**

- Ырчы
- Сүрөтчү
- Актёр

**5. Айыл чарба тармагы:**

- Дыйкан
- Малчы
- Агроном

**6. Кызмат көрсөтүү тармагы:**

- Ашпозчу
- Чач тарач
- Айдоочу

**Эмне үчүн туура кесип тандоо маанилүү?**

- Адам өмүрүнүн көп бөлүгүн иште өткөрөт, ошондуктан иш өзүнө жаккан жана пайдалуу болушу керек.
- Жакшы тандалган кесип адамдын жашоосун жакшыртат, киреше алып келет жана коомго пайда алып келет.
- Өз кесибин сүйгөн адам ийгиликтүү болот.

**Кошумча:** Кыска видеоролик (3 мүнөт)— “Кесиптер дүйнөсү”.

**4. Практикалык иш:**

**1-тапшырма.**
**Тема:** *“Менин келечектеги кесибим” деген темада 4-5 сүйлөмдөн турган эссе жазуу.*

**Мазмуну:**

- Мен тандаган кесип (аталышы)?
- Эмнеге бул кесипти тандадым?
- Бул кесип мен үчүн кандай мааниге ээ?
- Бул кесип менен эмнелерге жетким келет?

**2-Тапшырма. Берилген суроолорго жооп беришет.**

- Студенттер жуп менен бөлүшүп, бири-бирине өз жазганын айтып беришет.
- Жыйынтыгында 2–3 жуп өз кесиби тууралуу бүткүл топко айтып берет.

**3-тапшырма:**

1. **Мини-дебат:** “Жакшы айлыкпы же сүйүктүү кесиппи?”

Студенттер 2 топко бөлүнүшүп мини-дебат уюштурушат.

**VI. Жыйынтыктоо – 10 мүнөт**

**Суроолор:**

- Бүгүн эмнелерди билдик?
- Кесип тандоодо эмне маанилүү?
- Өз кесибиң тууралуу көбүрөөк ойлондуңбу?

“Бир сөз менен баала” — ар бир студент бүгүнкү сабакты бир сөз менен мүнөздөйт (мисалы: кызыктуу, пайдалуу, шыктандыруучу ж.б.).

**VII. Үй тапшырмасы (5 мүнөт):**

**Тема:** *"Кесибим — менин келечегим" деген темада кыскача баяндама же эссе жазуу*

*(10–12 сүйлөм)*
Кошумча: каалагандар сүрөт тартуу, слайд даярдоо.

Сабакты баалоо:

- Сабактагы активдүүлүк
- Жазуу ишинин мазмуну
- Презентациядагы өз оюн так айта билүү
- Тапшырманы өз убагында аткаруу

**Ачык сабакка катышкан окутуучулардын пикирлери жана сунуштары:**

Студенттер сабакка активдүү катышкандыгы белгиленди.

Ф.и.к. доц. Алиева Ч.М. Алиеванын сунушу: студенттерге көбүрөөк суроо берүүнү талап кылды.

Окутуучу Ботобекова Н, Чыныкеева Г.Э. сабактын жогорку денгээлде өтүлгөнүн жана сабактын темасынын актуалдуулугун белгилей кетти. Ошону менен бирге студенттер сабакта активдүүлүгүн көрсөткөндүгүн белгилей кеттишти.

**Чечилди:**

Кыргыз тили жана адабияты предметинен өтүлгөн ачык сабак жогорку усулдук денгээлде өтүлдү деп табылсын. Окутуучуга айтылган сунуштарды жана методдорду келечектеги окутууда колдонуу.

**Заведующий кафедры к.филос.н., доцент: Р.О.Юсупова.**
**Секретарь: Алдашбек кызы Нагима.**

**Протокол түзүлгөн күн:** 20. 10. 2025 г.

.


ИЛИМ МЕНЕН БИЛИМГЕ КӨПҮРӨ-ТИЛ,
КӨКӨЛӨТКӨН АДАМДЫ ТИЛIН ДЕП БИЛ.
КЫРГЫЗДЫН УЛУУ ДӨӨЛӨТҮ-ЭНЕ ТИЛИНДЕ
МАДАНИЙ МУРАСЫБЫЗДЫН УЛООЧУЛАРЫ




НЕ ТИЛИНДЕ
Касым Тыныстанов
(1901-1938)
Лексикалык тема: Менин кесибим
Грамматикалык тема: Сөз жасоочу мүчөлөр


КЫРГЫЗ ТИЛИ КЫЛЫМДАРДЫ КАРЫТКАН,
ЭЧ КИМ АНЫ ӨЧҮРӨ АЛБАЙТ ТАРЫХТАН
КЫРГЫЗ ЭЛИ
КОЛДОНГОН ЖАЗУУЛАР